УДК: 37.091.3

Шамыркулова В.Т.
*К.Тыныстанов ат. ЫМУ*

# БИЛИМ БЕРҮҮ СИСТЕМАСЫНДАГЫ ОКУТУУ ТЕХНОЛОГИЯЛАРЫНЫН МААНИСИ

*Макалада «технология» жана «педагогикалык технология» терминдеринин мүнөздөмөлөрү кеңири колдонулуп келе жаткан окутуунун жаңы технологиялары, аларды пайдаланып окутуунун өзгөчөлүктөрү, түрлөрү жана андагы мугалимдин ролу жөнүндө сөз болот.*

***Негизги сөздөр:*** *технология, педагогикалык технология, педагог, метод, мектеп, окуучу, жөндөмдүүлүк.*

*В статье развернута характеристика терминов «технология» и «педагогическая технология». Показано всё более широкое применение на практике новых обучающих технологий, особенности их применения на практике, их виды. Кроме этого большое место уделено роли учителя в этом процессе.*

***Ключевые слова:*** *технология, педагогическая технология, педагог, метод, школа, ученик, способность.*

*The article showes the characteristics of terms «technology» and «pedagogical technology». The use of new teaching technologies in practice is becominy increasingly widespread. The features of their use in practice their types and differeces from traditional methods of training. Besides it a great place is given to the role of the teacher in this process.*

***Key words:*** *technology, pedagogical technology, pedagog, method, school, pupil, ability.*

Педагогика илиминин калыптанышы менен бирге эле педагогикалык технология категориясы негизделген. XX кылымдын башында педагогикалык технология деп окуу процессинин эффективдүүлүгүн жогорулатуу максатында окуу процессин ар түрдүү техникалык каражаттар менен өтүүнү түшүндүрүшкөн. Бирок педагогикалык технология бул жөн эле окуу процессинде техникалык каражаттарды, компьютерди колдонуу эмес, ал окуу процессинин натыйжалуулугун жогорулатуунун жаңы принциптерин, закон ченемдүүлүктөрүн иштеп чыгуу, окуу мазмунун өзгөртүү жана ошондой эле окуу процессинин жүрүшүн аныктоонун критерийлерин белгилөө менен мүнөздөлөт.

Азыркы мезгилде педагогика илимине «педагогикалык технологиялар», «билим технологиясы», «окуу технологиясы», «инновациялык технологиялар» терминдери колдонулат. «Технология» терминининин уңгусу байыркы грек тилинде «техно»- искусство, чеберчилик, аткаруучулук, ал эми «логос»- окуу, үйрөнүү деген маанилерди түшүндүрөт. Демек, технология тигил же бул ишмердүүлүктү жогорку чыгармачылык деңгээлде жүргүзүү жана аны үйрөнүү болуп саналат. Ал эми педагогикалык технология бул - бир жагынан, окуу материалын иштеп чыгуу, аны өзгөртүү жана берүүнүн методдору менен каражаттарынынын жыйындысы болсо, экинчи жагынан, техникалык жана маалыматтык каражаттардын негизинде педагогдун окуучулар менен бирдикте окуу процессин жүргүзүү жөнүндөгү илим болуп саналат. [5.138-б.]

Айрым учурда педагогикалык технологияны окутуу процессинин натыйжалуу өтүшү үчүн колдонула турган инструмент, каражат катары карашат. Бул учурда педагогикалык технология окуу процессинин эффективдүү жүрүшүнүн аныкталган методдорунун, формаларынын, каражаттарынын педагогикалык, психологиялык жыйындысы, башкача айтканда, окуу процессин уюштуруунун методикалык жыйындысы болуп саналат. Азыркы мезгилде орто билим берүү системасына ылайыкташтырылган көптөгөн педагогикалык технологиялар даярдалып, билим сапатын жогорулатууга өбөлгө түзүүдө. Алардын негизги түрлөрү төмөндөгүлөр:

1. коллективдүү окуу технологиясы;
2. активдүү окуу технологиясы;

3. модулдук технология;
4. проблемалуу окуу технологиясы;
5. оюн технологиясы жана башка технологиялар;

***Коллективдүү окуу технологиясынын*** багыты салттуу окутуудагы айрым кемчиликтерди жана жетишпегендиктерди жоюуга багытталган, башкача айтканда, салттуу окутуудагы төмөнкү туура келбестиктерди чечүүгө арналат:

1. Тышкы стимул менен окуу мотивинин туура келбестиги. Себеби салттуу окутууда мугалимдер окуу материалын берүүдө стимулду түзүүгө аракет жасашканы менен, ал окуунун оң мотивине айланбайт. Ал эми коллективүү окуу технологиясында өзүнө жана калган окуучуларга ишеним пайда болуп, окуучулардын окуу мотиви жогорулайт.
2. Пассивдүү жөнөкөй кабыл алуунун активдүү ёзгёртүп түзүү ишмердүүлүгүнө айланбашы. Салттуу окууда көпчүлүк окуучулар окуу материалын жөн гана кабыл алып, аны кайра айтып берүү менен гана чектелет. Ал эми коллективдүү окуу технологиясында ар бир окуучу өзүнүн ишмердүүлүгүнүн натыйжасында окуу материалын түшүнүү менен кабыл алат.
3. Окуу процесси учурундагы окуучулардын психологиялык «коркунучтуу», «жагымсыз» абалынын «жагымдуу» абалга айланбашы. Белгилүү болгондой, окуу процесси окуучу үчүн дагы, педагог үчүн дагы «жагымдуу» болушу зарыл. Тилекке каршы, салттуу окутууда окуучулардын көпчүлүгү суроого жооп берүүдөн тартынып «жагымсыз» абалда болушат. Ал эми коллективдүү технология мүмкүн болушунча ар бир окуучунун өздүк каалоосу менен окуу процессине активдүү катышууга шарт түзөт.
4. Тарбиялоо менен окутуунун шайкеш келбеши. Салттуу окутуу процессинде тарбиялоо, негизинен алганда, тигил же бул аракетти башкарууга гана багытталат. Ал эми коллективдүү технологияда ар бир окуучу өзүн эркин сезип, болгон мүмкүнчүлүгүн толук ачууга аракет жасайт. Демек, коллективдүү окуу технологиясында окуучу окуу процессине активдүү катышуу менен, өзүнө зарыл болгон касиеттерди, сапаттарды калыптайт.

Коллективдүү окуу технологиясы төмөнкү принциптердин негизинде орун алат:

- Улам өзгөрүп туруучу окуучулардын жуптары, топтору;
- өз ара окутуу;
- өз ара текшерүү;
- өз ара башкаруу;

Коллективдүү окутуу технологиясы сөзсүз түрдө алдын-ала даярдалып, аныкталган ирээтте жүрүшү зарыл. Коллективдүү окуу технологиясынын уюштурулушу төмөнкүлөрдү өзүнө камтыйт: эрежелерди иштеп чыгуу жана аны бекитүү; ар бир катышуучуга аныкталган ролдорду бөлүү; тапшырмаларды берүү жана аткаруу убактысын аныктоо; жыйынтыкты талкуулоо жана жалпы чечимдерге келүү.

***Окутуунун активдүү технологиясы.*** Окуу процессиндеги окуучунун активдүүлүгү – педагогика илиминдеги эң негизги маселелердин бири. Окуучунун окуу ишмердүүлүгүндөгү активдүүлүк окуу материалын ойлонуу, туюу менен кабыл алып, өзүнүн бардык мүмкүнчүлүгүн жумшап ойлонуу жана практикада колдонуу ишмердүүлүгүнүн жаңы жогорку деңгээлине жетүү болуп саналат. Окуу процессинин жүрүшүнө ылайык окуу ишмердүүлүгүндөгү активдүүлүктү үч деңгээлге бөлүшөт:

- Окуу материалын калыбына келтирүүдөгү активдүүлүк– окуучунун окуу материалын түшүнүү менен калыбына келтирип, үлгүнүн жардамы менен практикада колдонуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болуусу;
- Окуу материалын түшүндүрүп, чечмелеп берүүдөгү активдүүлүк– окуучунун түшүнгён окуу материалынын маанисин, анын эң негизги байланыштарын аныктап, аларды белгисиз, жаңы абалдарда колдонуусу;

• Чыгармачылык денгээлдеги активдүүлүк–окуучунун окуу материалынын теориялык маанисин кеңири түшүнүүсү, пайда болгон жаңы маселелерди өз алдынча чечүүгө аракеттенүүсү, окуу-таануу ишмердүүлүгүн эң жогору денгээлде жүргүзүүгө аракет жасоосу.

Окутуунун активдүү технологиясынын салттуу окутуудан эң негизги өзгөчөлүктөрү төмөнкүлөр:

• Мажбурлоо менен ойлонууну активдештирүү, башкача айтканда, окуучу өзүнүн каалоосуна жараша активдүү окуу-таануу ишмердүүлүгүн жүргүзөт;

• үзгүлтүксүз ишмердүүлүктү жүргүзүү, окуучу окуу процессинин аныкталган этабында гана эмес, тескерисинче башынан аягына чейин тынымсыз катышат;

• өз алдынча чыгармачылык денгээлдеги чечимдерди кабыл алуу, жогорку денгээлдеги окуу мотивине ээ болуу;

Азыркы мезгилде билим берүү системасында окутуунун активдүү технологиясы абдан кеъири колдонулууда. Алардын негизги түрлөрү төмөнкүлөр: абалдын анализи, дискуссия, иштиктүү оюн, «тегерек үстөл», «акыл эс чабуулу» жана башка ушул сыяктуулар.

***Абалдын анализи*** окутуунун кеңири таралган активдүү технологиясынын бири болуп саналат. Окуу материалы кандайдыр бир аныкталган абалды ар тараптан анализдин негизинде берилет. Аныкталган абалдын анализинде окуу процесси эки багытта жүрөт. Биринчисинде, аныкталган абал окуучуларга алдын-ала жеткизилет, ар бир окуучу абалдын анализи боюнча такталган тапшырма алат жана анны өз алдынча чечкенге аракет жасайт. Бул учурда окуу процесси ар бир окуучу активдүү катышкан талкуу катары жүрөт. Экинчисинде, аныкталган абалдын чечилиши түздөн-түз окуу процессинде орун алат. Бул учурда абалдын анализи боюнча ар бир окуучунун көз карашы талкууланат. Негизинен алганда, абалдын анализи окуу материалын аналитикалык талкуунун негизинде белгилүү болгон маалыматтарды пайдалануу, өз алдынча чечимдерди кабыл алуу жана жалпы бир ой толгоого келүүнү пайда кылат.

***Иштикт*үү *оюн.*** Активдүү окуу технологиясынын кеңири таралган түрлөрүнүн бири болуп иштиктүү оюн саналат.

Иштиктүү оюнду жүргүзүүнү даярдоо өзүнө төмөнкү этаптарды камтыйт:

• Оюндун максатын аныктоо этабы. Оюнду жүргүзүү менен окуу процессинин кандай максаттарына жетүү зарыл экендиги аныкталат, башкача айтканда, иштиктүү оюндун багыты белгиленет.

• Оюндун мазмунун аныктоо этабы. Окуу максатына туура келүүчү абал аныкталат.

• Оюндун жүрүшүн аныктоо. Оюнга катышуунун эрежелери, катышуучулардын укуктары жана милдеттери, арбитрлердин укуктары белгиленет.

• Оюндун жүрүү ирээти, катышуучулардын тизмеси, арбитрлердин орду, ролдордун мазмуну жана аткарылышы белгиленет.

Иштиктүү оюн бири-биринен келип чыгуучу төрт бөлүктөн турат:

1. Иштиктүү оюндун темасы, максаты катышуучуларга жеткирилет. Жалпы катышуучулар кичинекей топторго (4-5 окуучу) жана арбитрлерге (3-4 окуучу) бөлүнөт.

Катышуучуларга жана арбитрлерге оюндун шарттары жана зарыл болгон маалыматтар берилет. Бул этаптын аягында ар бир топко суроолор, тапшырмалар берилип, алар дароо бааланат.

2. Ар бир кичинекей топто өз алдынча берилген абалды сүрөттөө үчүн функцияларды, ролдорду бөлүштүрүү орун алат. Натыйжада, ар бир топ жазуу түрүндө жоопторду арбитрлерге тапшырышат.

3. Ар бир кичинекей топ өздөрү даярдаган абалды көрсөтүшөт. Ал эми башка топтор аларга суроо беришет жана аларды толукташат. Булл учурда арбитрлер күтүлбөгөн суроолорду,

тапшырмаларды берүү менен эң кыска убакытта жооп даярдоону талап кылышат. Арбитрлер ар бир топтун ишмердүүлүгүн ачык айкын баалашат.

4. Жыйынтыкты чыгаруу. Арбитрлер оюндун жүрүшүн, катышуучулардын активдүүлүгүн баалоо менен бирге, оюндун жүрүшүндөгү жетишкендиктерди жана кетирилген кемчиликтерди көрсөтүшөт.

***«Тегерек үстөл»*** окуучулардын кабыл алган билимдерин өздөштүрүүгө, жетишпеген маалыматтарды топтоого, коюлган маселени чечүүнү үйрөнүүгө, өзүнүн ой-пикирин далилдөөгө жана жогорку денгээлде дискуссия жүргүзүүнү үйрөнүүгө багытталган технологиянын бир түрү болуп саналат. «Тегерек үстөлдү» уюштуруунун бирден-бир талабы катышуучулардын бетме-бет жайгашуу менен баарлашуу, пикир алмашуунун орун алышы. Булл учурда бардык катышуучулар бирдей укукка жана мүмкүнчүлүктөргө ээ болот. Ар бир катышуучу өзүнүн ой-толгоосун, пикирин ортого салып, аны ар тараптан негиздөөгө аракет жасайт. Натыйжада, окуучулар жөн гана жоопту бербестен, берилген жооптун далилдүүлүгүн, сунуштардын маанилүү экендигин далилдөөгө үйрөнөт.

«Акыл-эс чабуулу» максатка ылайык коюлган маселени жогорку деъгээлде чечүүнүн аныкталган ыктарынын бири болуп саналат. «Акыл-эс чабуулунун» негизги максаты коюлган маселе боюнча коллективдүү ойлонуунун натыйжасында анын «жаңыча», өзгөчө чечилишин пайда кылуу саналат. «Акыл-эс чабуулу» окуу процессинин жүрүшүндө төмөнкү милдеттерди аткарат:

- Окуу материалын чыгармачылык изденүү менен кабыл алуу;
- Теория менен практиканын байланышын чыңдоо;
- Окуу процессинде окуу-таануу ишмердүүлүгүнүн жаңы багыттарын аныктоо;
- Коллективдүү ойлонуу ишмердүүлүгүн жүргүзүүнүн тажрыйбасына ээ болуу жана башка ушул сыяктуу.

«Акыл-эс чабуулу» натыйжалуу жүргүзүү үчүн төмөнкү эрежелерди кабыл алышат:

- Талкуу учурунда бардык катышуучулар бирдей укукка, шартка ээ болот;
- Ар бир сунуш, пикир кабыл алынат;
- Канчалык кёптёгён сунуштар пайда болсо, коюлган максатты чечүү ошончолук жеъил болот;

«Акыл-эс чабуулун» өткөрүүдө мугалим окуучуларды чечилүүгё тийиш болгон маселе жана өткөрүү эрежелери менен тааныштырат. Окуучулардын санына жараша 3-5 окуучудан турган топ түзүлөт жана топтун ичинен пайда болгон пикирлерди, сунуштарды топтоп туруу үчүн эксперт шайланат. Топтордогу окуучулар бирдей санда жана мүмкүн болушунча бирдей денгээлдерде болушу керек. Андан кийин топтордун баарына бирдей суроо берилип, бир-эки суроо жооп уюштурулат. Андан кийин мугалим дагы бир жолу эрежелерге токтолуп, аудиторияга негизги маселени коет. Ар бир топ активдүү ишмердүүлүктү жүргүзөт, ал эми эксперт бардык пикир, сунуштарды атайын кагазга түшүрүп, аларды топтойт. Андан кийин эксперттер «акыл-эс чабуулунун» натыйжасында пайда болгон пикирлерди, сунуштарды талкуулоо менен корутунду чыгарышат. Эксперттерден кийин мугалим «акыл-эс чабуулуна» катышкандарга ыраазычылык билдирип, эң кызыктуу ойлорго токтолуп, жалпы жыйынтык чыгарат [4.33-б.].

***Модулдук технология.*** Модуль катары өзүнчө мааниге ээ болгон системанын аныкталган бир бөлүгү кабыл алынат. Модулдук окуу технологиясы окуучунун толук өз алдынча же болбосо мугалимдин жардамы менен өз алдынча окуу материалдарын өздөштүрө алгандай окуу максатынын, окуу мазмунунун, маалыматтардын жана окуу-методикалык көрсөтмөлөрдүн алдын-ала берилиши болуп саналат. Педагогдун функциясы маалыматты берүү жана анын өздөштүрүлүшүн аныктоо менен чектелет. Окуу модулу бул

– окуу предметинин аныкталган окуу-таануу ишмердүүлүгүн талап кылган ар тараптан негизделген функционалдуу түйүнү.

Модулдук окуу технологиясынын жүрүшүндө төмөнкү эрежелер жана талаптар сакталышы керек:

- Окуу мазмунун модулдарга бөлүүдө ар бир түзүлүш аныкталган дидактикалык максаттарга туура келиши;
- Ар бир модуль сөзсүз түрдө өзүнчө мааниге ээ болуп, башка модулдар менен биригип жалпы окуу мазмунун түзүшү;
- Ар бир модуль өзүнө шайкеш келүүчү метод жана форма менен өтүшү.

Модулдук окуу технологиясында окуу предметинин мазмуну так жана аныкталган түзүлүшкө ээ болот. Ар бир модуль маанисине жана мазмунуна ылайык ар түрдүү методдордун жана формалардын шайкеш келиши менен мүнөздөлүнөт. Окуучу ар бир модулду өз алдынча өздөштүрүп, окуу предметин жогорку денгээлде кабыл алууга жетет.

***Оюн окуу технологиясы.*** Оюн адамдын негизги ишмердүүлүгүнүн бири болуп саналат. Атайын түзүлгөн шартта коомдук тажрыйбаны түзүү жана аны өздөштүрүү менен коомдо өзүн-өзү алып жүрүүнү далилдүү көрсөтүүнү оюн, же болбосо оюнду ойноо деп аташат. Оюнду ойноо төмөнкү бөлүктөрдөн турат:

- Максатты аныктоо;
- Планды түзүү;
- Максатты ишке ашыруу (ойноо);
- Жыйынтыктын анализи.
- Окуу процессинде оюн технологиясы дидактикалык максаттары, уюштуруу өзгөчөлүктөрү, жаш курактык мүмкүнчүлүктөрү жана мазмуну боюнча бири-биринен айырмаланышат.

Оюн окуу технологиясынын жүрүшү сөзсүз түрдө атайын каражаттарды талап кылат. Мисалы декорация, тиешелүү буюмдар жана айрым учурда сахна даярдалат.

Бул ыкмалар өтүлгөн темаларды жалпылоодо же темага жаъы киришүү мезгилинде жана маалыматтарды окуп өздөштүрүүнү аяктап жаткан учурда колдонулат. Окуучуларга алган билим тажрыйбаларын жалпы окуучулар жана топ мүчөлөрү менен бөлүшүүгө мүмкүнчүлүк түзүлөт.

Жыйынтыктап айтканда, окутуунун жаъы технологиялары окуу процессинин эффективдүү жүрүшүнө чоъ таасирин тийгизери шексиз.

**Адабияттар:**

1. Бекбоев И. Инсанга багыттап окутуу технологиясынын теориялык жана практикалык маселелери. –Бишкек, 2004. 485 б.
2. Койнова-Цёльнер Ю.В. Башталгыч мектепте активдүү окутуунун педагогикалык технологиялары. –Бишкек, 2014. 143 б.
3. Константинов Н.А. История педагогики. –М., 1971. 447 б.
4. Саалаев Ө. Окутуунун интерактивдүү ыкмалары. –Бишкек, 2006. 119 б.
5. Сияев Т., Мамбетакунов Э. Педагогиканын негиздери. –Бишкек, 2008. 304 б.